УДК: 809.434.1

Г.Д. БАЗАРБАЕВА
G.D. BAZARBAEVA
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

Жаңы сөздөр сөздүгүндө неологизмдерди жазуу принциптери

Принципы написания неологизмов в словарь новых слов

# THE PRINCIPLE OF WRITING NEOLOGISMS TO THE DICTIONARY OF NEW WORDS

*Бул макалада* жаңы сөздөр сөздүгүндө неологизмдерди жазуу принциптери *каралды.* ***Негизги сөздөр:*** *жаңы сөздөр, неологизмдер,* узуалдуу, окказионалдуу, *неография, неологиялык сөздүк, метафора, метонимия, эфеменизм, эпоним.*

*В работе рассмартривается принципы написание неологизмов в словарь новых слов.* ***Ключевые слова:*** *новые слова, неологизмы,* узуалы, окказионалы, *неография, неологический словарь, метафора, метонимия, эфеменизм, эпоним.*

*The principles of writing neologisms in the dictionary of new words are considered in this article.*

***Keywords:*** *new words , neologisms, usual, occasional , neography, neologic dictionary, metaphor, metonymy , euphemisms, eponym.*

Жаңы деп белгиленген сөздөр тилдин табигый өнүгүшүнүн натыйжасында адатка айланган тилдик бирдик болуп калат же убакыт өткөндөн кийин эски сөзгө айланат. Эски сөздөрдүн тобуна кирип кетишинин себеби лингвистикалык, ошондой эле экстралингвистикалык факторлор менен шартталат. Жаңы сөздү жаңа жаңы маанини сөздүккө киргизүүнүн кыйынчылыгы узуалдуу жана окказионалдуу лексикалык бирдиктин так чегинин жоктугуна байланыштуу [1].

Неологизм сөздүктөрүнүн типологиясы өзүнүн колдонулушу боюнча 3 баскычка негизделет: сөздүн колдонулушунун биринчи стадиясы –ар кандай мамиле түзүү зарылдыгы шартталган, сүйлөп жаткан адамдын конкреттүү кебинде неологизмдин пайда болушу; экинчи стадия – жаңыдан жасалып пайда болгон неологизмдерди угуучунун сөзүнө киргизүү; үчүнчү – жалпы колдонгонго аларды бекитүү (узуста).

Бул жаңы сөздүн «жашоосунун» үч стадиясы неологиялык сөздүктөрдүн төмөнкү үч тиби пайда болгонго шарт түзөт [6]:

1. ***Жыл сайын чыгып туруучу сөздүк.*** Буга кепте жаңыдан гана колдонуп баштаган жана жаңы деп кабыл алынган, «капысынан» жалпыга маалымдоо каражаттардын ар кандай жанрдагы гезит, журналдардын беттериндеги текстте жазылып калган жана оозеки кептен жазылган сөздөр кирет. Мындай сөздүктөр негизинен бир жылдын 3-4 айынын материалдарын камтыйт;
2. ***Сөдүк-справочник***. Буга кепте пайдаланып жаткан сөздөргө кошулган лексикалык бирдиктер кирет, бирок «жаңы жаралган» сөздөр кирбейт.Негизги сөздүктүн фондун калыптануу стадиясына туура келген он

жылдык убакыттагы лексикалык бирдиктер камтыйт.

3. ***Түшүндүрмө, неологиялык сөздүк***. Мындай сөздүктөр ондогон жылдарды камтыйт (тактап айтканда кептеги эки доорду камтыган сөздүн материалы) жана академиялык түшүндүрмө сөздүккө кирбеген, бирок узуста бекип калган жаңы лексика кирет.

Эгерде биринчи эки сөздүк нормативдүү максатты көздөбөсө (алардын милдети – жаңы сөздөрдү жазып жана белгилөө), ал эми үчүнчү типтеги сөздүк – нормативдүү: анын милдети жалпы тилдик мүлк болуп калган, нормага ылайыктуу, тактап айтканда адабий нормага кирген сөздөрдү белгилейт.

Неография – бул тилдеги неологизмдерди лексикографиялык белгилөө үчүн жаралган неологиянын бир бөлүгү. Неография төмөнкүлөрдү камтыйт «1) внесение инноваций в очередное издание (или переиздание) толкового словаря живого литературного языка; 2) создание дополнений (или приложений) к прежде изданным словарям; 3) создание специальных словарей новых слов».

Жаңы сөздөрдү жана айтымдарды жазып чыгуу иши лексикографтар тарабынан ишке ашырылат.

Англис тилинин сөздүгүнө неологизмдерди жазуу төмөнкү план аркылуу иш жүзүнө ашат:

1. Сөз;
2. Сөз түркүм;
3. Аныктама;
4. Колдонуу ыгы;
5. Сөз колдонгон иштин түрү;

Неологизмдерди жазуунун негизги принциби ошол сөздү кепте колдонууну ачып берүү болуп саналат. Бул жерде сөздүн морфометриялык негизине эмес, лексикографиялык маанисине басым жасалат.

Англис тилиндеги "New Words in English" аттуу сөздүгүндөгү неологизмдерди 1996-жылдан баштап 1999-жылга чейин Райс университетинин англис тилин окутуу бөлүмдөрүнүн окумуштууларды чогултушкан.

Ошону менен бирге белгилүү бир убакытта студенттер англис тили үчүн жаңы деген сөздөрдү чогултушкан жана аларды кепте колдонуу ыгын аныкташкан. Алар сөздөрдүн болжолдуу келип чыгышын аныкташкан, иллюстрацияга мисалдарды ойлоп табышкан жана сөздүн формасынын тибин, алардын структураларын анализге алышкан [1].

Сөздүктө сөздүн башка сөздөн келип чыгышын, гезиттин кесиндиси, жана көптөгөн ар кандай сөз жасоо структуралардын типтери бар. Ошондой эле башка сөз ошол сөздөн жасалганынын калыптануусу жана ар кандай типтердин ар башка комбинациялоо процесстери бар. Сөздүктөгү сөздөр семантикалык жана прагматикалык парадигмалардын метафора, метонимия, эфеменизм жана эпоним сыяктуу ар кандай түрлөрү аныкталат.

Сөздүктөгү неологизмдердин азыркы англис тилинде колдонулушунун жана калыптанышынын чыгармачыл аспектте толук сүрөттү көрсөтөт. Көптөгөн англис тилин колдонуучулар өзүлөрү ойлоп жаткан нерсени билдирүү үчүн кээ бир сөздөрдү ар кандай чыгармачыл жол менен өзгөртүп жатканын эч качан аныктай алышпайт. Бирок биз аны терең талдап карап көрсөк, лексикалык мааниси бар тамганы же басымды жылдыруу менен ошол сөздүн семантикалык маанисин өзгөртүп салууга боло тургандыгын көрөбүз.

Мындай сөздүктөгү неологизмдер жөнөкөй принцип менен жазылат:

1) сөз;

2) ал кирген сөз түркүм;

3) сөздүн мааниси;

4)калыптануу ыгынын жазылышы;

5) сөздүк лексикада колдонуу иллюстрациясы;

6) колдонуу орду (гезитте, сүйлөп жатканда ж.б.);

Муну далилдөө үчүн жарык көргөн жаңы сөздүктөрдөн мисалдарды келтирели [1]: BACKSTORY, n.The events of a character's life prior to the start of a fictional story. Also used metaphorically to mean"background"[compound of"back"and story"].

BIG-EYED,adj. One who eats when she is not hungry; greedy. [compound of big+eye+d'adjective forming] Context and Source: If I see food, Iwant to eat it. I'm so big-eyed. (Conversation)

E-MAIL, n.An application of personal computers through which messages are automatically (electrically) sent through networks of computers to Electronic mailboxes [clipped compound formed from electronic and mail]. Context and source: "Ineed to check my e-mail" (Conversation)

GINORMOUS-adj.extremely large [blend of gigantic and enormous] Context and source: "Oh my! It is not gigantic. It is ginormous!" (Conversation)

KRUNK, adj. Slang. Awesome. syn.tight, cool. [?blend of funk and (k)ool; African American Vernacular English] Context and source: That was akrunk song. (Conversation)

Англис тилиндеги З.С. Трофимованын [3] Dictionaryof New Words and Meanings жаңы маани жана жаңы сөздөрдүн сөздүгүндө азыркы англис тилинин коомдук-саясый лексикасындагы жаңы сөз жана жаңы маани чагылдыралат жана алардын америкалык варианты кошо берилет. Анда 1034 сөз тизмеги камтылган. Бул англис тилинде кирген жана кире элек жаңы маани менен жаңы сөздөр акыркы 20 жылдын ичинде пайда болгондугун көрүүгө болот [2].

Аталган сөздүктө: саясый, экономика, бизнес, философия, саясат тааануусыяктуу илимий тармак менен кошо күндөлүк жашоо жана билимдин ар кандай тармактарындагы лексикалык бирдик кошо берилген.

Басылма англис тилинде англотилдүү прессаны окугандарга, котормочуларга, журналисттерге. Адабиятчыларга, дегеле окуган нерсени толук түшүнгүсү келгендерге, тил жана саясат таануу дисциплиналарды окуткан окутуучуларга жана жөнөкөй окурмандарга арналган.

The Oxford Dictionary of New Words: A Popular Guide to Words in the News– Оксфордский словарь новых слов, –электрондук вариантта сунуш кылынган. Автору – СараТуллох (SaraTulloch).

Бул сөздүктө 2000 ге  жакын неологизм деп аныкталган сөз жана фразалар камтылган. Алар фонетикалык алфавит боюнча эл аралык айтымга ылайыкталган. Ар бир сөз төмөнкүдөй жазылган:

1. Сөз;
2. Анын айтымы;
3. Бир же бир нече аныктама;
4. Калыптануу формасы;
5. Колдонуу формасы;
6. Келип чыгышы боюнча керектүү кээ бир маалымат;

Сөздүктөгү бардык маалыматтар лингвистикалык жактан текшерилген. Колдонгон мисалдар түп нуска булактан алынган, ошондой эле кайсы булактан алынган жөнүндө шилтеме келтирилген (адамдардын негизги ишмердүүлүгү боюнча бизнес, музыка, медицина ж.б.11 булак колдонду).

Көпчүлүк сөздүктөрдө сөз тизмеги лексикографиялык принцип боюнча негизги сөз жазуу ыктарынын алдына келет. Ал эми бул сөздүктө сөз колдонуу принциби лексикографиялык жазууга караганда айрмаланып турат.

FANTABULOUS, adj. beyond fabulous. [blend of fantastic and fabulous]

Context and source: "It's fantabulous!" (Conversat on with classmate Amir Brown) adj. Excellent, superlative, both fabulous and fantastic. [blend of fantastic and fabulous] Context and source: "This fantabulous four-posterbed can be yours..." (Televisionadvert)

GLOBOBOSS, n. A cosmopolitan executive that has the ability to performwellacrosstheglobe. Context and Source: "Wantedaglobobosswho 'sat home anywhere and sings the same tune-profits-everywhere." (Newsweek)

MOTO, n.Energy fo raction toward a goal; motivation. [clipping of "motivation"]

Context and source: "I need some moto to go work out at the gym today." (Conversation)

POPAGANDA, n. Music that is popular with the general public, and has purpose or is trying promote particular ideas. [Blend of pop (clipping of popular) and propaganda] Content and source: Title of a K.D.Lang album.

SPIDER,n. Person orcomputer program that searches the web for new links and link them to search engines. [Metaphor, a spider spins webs.]

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Алексеев, П.М. Статистическая лексикография: (типология, составление и применение частотных словарей) /П.М.Алексеев.—Л.,1988.-97с.
2. Аюпова,Л.Л. Языковая ситуация: социолингвистический аспект /Л.Л.Аюпова.- Уфа,2000.-64 с.
3. Трофимова,З.С. Словарь новых слов и значений в английском языке/З.С.Трофимова.-М.:Павлин, 1993.-304с